DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Тогузакова Б.Ш.*

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАГЫ ЭЛ-ЖУРТТУН АЖЫРАГЫС БИРИМДИК ИДЕЯСЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Тогузакова Б.Ш.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ИДЕИ ЦЕЛОСТНОГО ЕДИНСТВА НАРОДА В УСТНЫХ НАРОДНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ

*B. Toguzakova*

# PEDAGOGICAL FOUNDATIONS OF THE IDEA OF THE INTEGRAL UNITY OF THE PEOPLE IN ORAL FOLK WORKS

*УДК: 37.017.44*

*Бул макала элдик оозеки чыгармалардагы эл журттун ажырагыс биримдик идеясына арналган. Башкача айтканда, улуттук бийиктикти жаратуу бир гана ынтымактуу элдин колунан келе тургандыгын бүгүнкү күндөгү жаш муундардын түшүнүгүндө калыптандыруу жана ошондой эле элдик педагогикадагы улуттук тарбиялоочу баалуулуктарыбызды урпактарга өткөрүп берүү жана заманбап окутуу тарбиялоо усулдары менен кошо өнүктүрүү. Макалада билим берүү системасында элдик педагогиканын терең колдонушуна аракет кылуу, окутуу тарбиялоо системасын улуттук баалуулуктардан ажыратпай эриш-аркак ала жүрүп, өнүктүрүү анализденди. Элде биримдик, ынтымак болбосо «миң да өлсө кырылат, пил да болсо жыгылат», элдин баатырдыгы да, бай экендиги да, көп экендиги да туруштук бере албай калышы мүмкүндүгү, улуттук бийиктикти жаратуу бир гана ынтымактуу элдин колунан келери элдик уламыш, жомоктор менен далилденди. Элдин тарыхын, кайгы кубанычын, бүгүнкү күндөгү алга умтулган педагогдор, ушул учурда мектептердин тажрыйбалуу мугалимдери да өзүнүн тарбия иштеринде, сабактарында элдик педагогиканын материалдарын кеңири пайдалануу талкууланды. Ошондой эле ата-бабаларыбыздын бизге калтырып кеткен элдик оозеки чыгармачылыктагы насааттарын үйрөнүп, аларды жаштардын арасында колдонуп, андан сон жаңыга умтулуу жаштарда адеп-ахлак, ынтымак, биримдик тарбия идеясын калыптандырууда үлгү болуп эсептелинери аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик чыгарма, оозеки чыгарма, жаштар, баалуулуктар, окутуу, тарбиялоо, ынтымак, биримдик, этнопедагогика, улут.*

*Данная статья посвящена идее неразрывного единства народа в фольклоре. Другими словами, создать в сознании нынешнего молодого поколения, что создание национальных высот может быть достигнуто только гармоничными людьми, а также развитие наших национальных педагогических ценностей в народной педагогике в сочетании с современными методами обучения. В статье анализируется развитие системы образования, делается попытка углубить использование народной педагогики в системе образования, интегрировав ее с национальными ценностями. Народные легенды и сказки доказали, что без единства и гармонии «тысяча умрет и слон упадет», а народный героизм, богатство и изобилие не выдержат, и только сплоченный народ сможет создать национальные вершины. История народа, радости и горести народа, современные прогрессивные учителя, а ныне уже опытные школьные учителя также обсудили широкое использование материалов народной педагогики в их воспитательной работе и на уроках. Выяснилось также, что изучение народных устных традиций, оставленных нам предками, их применение среди молодежи, а затем стремление к новаторству – это пример формирования у молодежи идеи нравственности, гармонии и единства.*

***Ключевые слова:*** *народное произведение, устное произведение, молодежь, ценности, обучение, воспитание, согласие, единство, этнопедагогика, нация.*

*This article is devoted to the idea of the indissoluble unity of the people in folklore. In other words, to create in the minds of the current young generation that the creation of national heights can only be achieved by harmonious people, as well as the development of our national pedagogical values in folk pedagogy in combination with modern teaching methods. Folk legends and fairy tales proved that without unity and harmony "a thousand will die and an elephant will fall", and folk heroism, wealth and abundance will not withstand, and only a united people will be able to create national peaks. The history of the people, the joy and sorrow of the people, modern progressive teachers, and already experienced school teachers also discussed the widespread use of materials of folk pedagogy in their educational work and lessons. The article analyzes the development of the education system, an attempt is made to deepen the use of folk pedagogy in the education system, integrating it with national values. It also turned out that the study of folk oral traditions left to us by our ancestors, their application among young people, and then the desire for innovation is an example of the formation of the idea of morality, harmony and unity among young people.*

***Key words:*** *folk work, oral work, youth, values, education, upbringing, harmony, unity, ethnopedagogy, nation.*

Кыргыз байыркы элдердин бири. Муну карт тарых өзү далилдейт. Мындай болгон сон эл өз башынан эмнелерди гана өткөрбөдү. Канткенде да апаат баскан кыйынчылыкты жеңип, кан төгүлгөн салгылаштардан алга чыгып өз эркиндигин сактап, келечекке умтулуп олтуруп бүгүнкү күнгө келди.

Бул тууралуу академик А.Ч. Какеев мындайча жазат: «Кыргыздар дүйнөдөгү байыркы, эң эле байыркы элдерден экендиги жөнүндө карт тарых бетинде баян этилди. Көчмөн турмуштун жана жашоосунун түрдүү катаал шарттарынын кырдаалында чоң тарыхый жазма эстелик же атайын кооз имараттар

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



калтырбаганы менен кыргыздар көптөгөн кылымдар бою ата журттун эркиндиги үчүн канын жанын аябай, Мекенди элдин ынтымак биримдигин, ата-бабалардын нарк нускалуу салттарын, улуттун намыс ариетин ыйык сактап, бийик туткан тектүү, түптүү калк экендигин чагылдырган, тээ тарыхтын түпкүрүнөн бери бейпил тиричилигинде жана жоокердик күндөрүндө мүлдө кыргыз башынан кечирген кубаныч-шаңы, кайгы-муңун көркөмдөп элестүү баян эткен Улуу сөз Сепилдерин укумдан-тукумга мурас кылып калтырган» [1].

Чындыгында эле, ата-бабалардан калган бул асыл баалуу руханий кенчти канчалык терең изилдеп үйрөнүп, туура баалап, чеберчилик менен пайдалана билген сайын алар бизге укмуштуудай купуя сырларын улам жаңылап ачып бере берет. Айрыкча бүгүнкү күндө элди бүткүл дүйнөлүк цивилизациянын деңгээлинде кайра жаратууда бабалардын бизге калтырган мурасын үйрөнүү зор мааниге ээ. Дүйнөнүн бардык элдери сыяктуу эле кыргыздардын эч бир кайталангыс улуттук өзгөчөлүгү элибизди кылымдар бою тарбиялап келген руханий-ыймандык булактары бар. Ата-бабаларыбыз билгичтик менен чебер пайдаланып, муундан муунга мурас кылып өткөрүп келген элдик педагогикабызды эч качан элден ажыратпаш керек. Эл тамырынан окутуу тарбиялообуз эч качан кол үзбөш керек. Албетте, жаңыча окутуу салттары да замандын талабы бирок, заманбап усулдар да элдик педагогикабыз менен айкалыша жүрсө сонун болмок [1, 2].

Мындай чоң келечек, чоң максаттарды белгилүү окумуштуу педагог Ташболот Максутов төмөнкүдөй мүнөздөйт! «Көз каранды эмес Кыргыз Республикасы жергебиздеги бардык элдердин кайталангыс маданиятынын мурастарын жайылтууну, анын мыкты жактарын өрчүтүүнүн жана гүлдөтүүнүн, адаттарын жана салттарын өркүндөтүүнү көздөп, жаңы тектеш маданиятты калыптандыруу жана өрчүтүүгө шарт түзөт».

Эгерде өткөндөрдүн насаатын үйрөнүп, аларды жаштардын арасында иштетип, андан сон жаңыга умтулсак, биздин иш туура жолго түшөт деген ойдобуз.

Мына ушундан улам да азыркы мезгилде алдынкы педагогдордун кызыгуусу элдик педагогикага күндө күнгө артып барат. Ошондуктан «Элибиз өзүнүн эркиндигин, көз карандысыздыгын коргоп, чет элдик баскынчыларга каршы кылымдар бою баатырдык менен күрөшүп келген. Көптөгөн эр жигиттердин эрдиктери элдин эсинде тамгадай басылып, баатырдык менен каармандык даназалап ырдоонун түбөлүктүү темасына айланган».

«Манас» эпосунун баатырдык мүнөзү да ушуга байланыштуу. «Манас» кыргыз эпосунун байыркы үлгүсү катары кыргыз элинин азаттык, көз карандысыздык үчүн күрөшүп, анын адилет, жыргал турмушу тууpасындагы ой-тилегин көркөм чагылдырган чыгарма. «Манас» баяны көркөм сөз өнөрү, өлбөс касиеттери менен айырмаланган. Элдин тарыхын, кайгы кубанычын, бүгүнкү күндөгү алга умтулган педагогдор, ушул учурда мектептердин тажрыйбалуу мугалимдери да өзүнүн тарбия иштеринде, сабактарында элдик педагогиканын материалдарын кеңири пайдаланууга аракет жасоодо [2, 3].

«Чыныгы өз элинин күйөрманы кылып тарбиялоодо, - деп жазат К. Сейдалиев, - жаштарга ошол өз улутуна таандык, канга синген бөтөнчөлүктү бербегенден кийин, ал кайдан жүрүп өз эли үчүн жан күйгүзгөн азамат болуп тарбиялансын». Акыйкатты айтсак элдик педагогика азыркы мезгилдеги мектептин тарбиялоо жана билим берүү процессин жаңылоо, кайра куруу мезгилинде өзүнүн өтө чоң жемишин берер кенч».

Бул тууралуу азыркы мезгилде көптөгөн педагогдор ойлонууда. Бирок бул маселе XlX кылымда эле өтө жогору деңгээлге коюлган. Алсак, орустун улуу педагогу К.Д. Ушинский бул проблеманы мындайча мүнөздөйт: «Тарбия жана окутуу эл качантан бери жашап жатса ошондон бери эле бар, – алар эл менен кошо жаралып, өсүп, өзүндө ошол элдин бүткүл тарыхын, мыкты сапаттарын чагылдырат». К.Д. Ушинскийдин педагогикалык системасы элдик идеяга негизделген. «Эл өзү түзгөн жана элдик башталышка негизделген тарбия абстрактык идеяга негизделген эң мыкты системалары да тарбиялык күчкө ээ. Тарбияны ошол ой жана таза булактан сузүп ала бериш керек».

Ал эми кыргыз элдик педагогикасынын бүгүнкү казынасы көөнөрбөс башаты, соолбос булагы катарында өзүнө эчен кылымдардан берки ата бабаларыбыздын акыл ой, максат тилектеринин каймагын өз ичине камтыган. Адам баласынын жан дүйнөсүн ачып берген алардын табигатка курчап турган дүйнөгө, жаратылышка, ар кандай кубулуштарга, коомго андагы социалдык жана саясий мамилелерге өз көз караштарын чагылдырган элдик оозеки чыгармалары эсептелет. Бул чыгармаларда элибиздин философиялык, саясий, коомдук медициналык дүйнө таануучулук, педагогикалык жана тарыхый көз караштары даана чагылдырылган. Биздин азыркы мезгилде, качан гана жалпы кыргыз журтчулугуна жалпы идея, өнүккөн инсанды тарбиялоо, илимдеги идеялык багыт керек болуп турган кезде, мындай булактар зор өбөлгө. Бирок ушул өбөлгөнү өзүбүздүн педагогикалык ишибизде билгичтик менен пайдалануу бул биздин алдыга коюлган максат [1, 4].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ал эми «Манас» болсо элибиздин өткөн доорлордогу маданиятынын туу чокусу жана түгөнгүс улуттук поэзиясынын океаны.

Анда элдин бай рухий дүйнөсү, ар кандай түркүн түстөгү боектор даана сүрөттөөлөр менен тартылып, адам баласына таандык болгон мыкты касиеттер менен мүнөздөр, эл жерди сүйүүнүн ага ак кызмат өтөөнүн үлгүлөрү бүгүнкү күндөгү жаңы адамды тарбиялоонун идеялы боло алары анык.

Эпостогу баатырлардын келбети, иш аракеттери, элине болгон сүйүүсү, өз элинин эркиндиги үчүн жүргүзгөн күрөшү, достукка, сүйүүгө карата болгон туруктуулугу, боорукердиги, ак ниеттүлүгү, тунук акылы сезгичтиги, жаш муундарга тарбия берүүдө ата-бабаларыбыздан калган мурас катары бааланары бышык. Ошондуктан «Манас» – кыргыз элинин жан дүйнөсүнүн жетилип оожалуу тарыхын чагылдырган мурас, алтын кенч.

Көп улуттарда жалпы элди баш коштурган идея болот, ал идея мамлекеттик саясаттын, улуттук философиянын өзөгү болуп кызмат өтөйт. Биз үчүн азыр улуттук биримдүүлүк эң зарыл нерсе болуп турат. Ошондуктан жаш муундарды тарбиялоодо ата-бабалардын осуяттарын эске алганыбыз талапка ылайык.

Байыркы тарыхта белгилүү элдердин көбү мезгилдин жарышында калып, биздин мезгилге келип жетпеди. Буга ошолордун тагдырына жазылган кандуу согуштар, табигый кырсыктар, татаал тарыхый шарт эле эмес, улуттук, биримдиктин жоктугу да негизги себептердин бири катары болуу керек. Мына ошондуктан бизди акылман бабаларыбыз ошондой коркунучтан сактап, «Ырыс – алды ынтымак», «Ынтымак – түбү ийгилик», «Өлө жегиче, бөлө же», «Бирдик болбой, тирилик болбойт», «Күч – бирдикте», «Ынтымагың бар болсо тең болорсун, ынтымагың жок болсо жем болосун», - деп алдын ала эскертип келген. Бул айтылгандар ата-бабаларыбыздын кылымдар бою өз баштарынан өткөрүп, өз турмушунда көрүп андан кийин ушул тыянакка келгени.

Кылымдарды каарытып, кырындыдан чогулган бул кудурети күчтүү руханий дараметти, ата-бабалар жаш муундарды тарбиялоодогу туура багытты көрсөтүүчү Алтын Казык жылдызындай ориентир боло алат. Ошол себептен бабаларыбыздын жомогу да кызык. Бул жомокто да ынтымакты даназалаган залкар ой бар. Ошондуктан биз бул жомокту толук келтиребиз.

Илгери бир кишинин тогуз уулу болуптур. Алар аябай күчтүү бирок, эч бирөө да биринин сөзүн бири уккан эмес. Ар кимиси өздөрүнчө жүрө беришет. Муну байкап калган атасы күндөрдүн биринде тоодон бир топ чыбыкты кесип алып, ороп таңып коюп коет да, балдарына кайрылат. Балдарым, силер ар бириңер күчтүү болуп өстүнөр. Бирок биринди бирин сыйлаганды, урматтаганды унутуп койдуңар. Ар кимиңер өзүнөрдүн кара күчүңөргө ишенесинер. Эмесе, мына бул таңылып турган чыбыкты чогуусу менен сындырып бергилечи, - дейт. Бир да баласы таңылган чыбыкты сындыра албай коюшат. Андан кийин атасы чыбыкты бирден суурук берет. Аны балдары оңой эле сындырып коюшат да, бирок анын маанисин түшүнбөй туруп калышат. Ошондо атасы: «Балдарым, мынакей канчалык күчтүү болгонунарга карабай чогуу оролгон чыбыкты сындыра албай койдунар. Ал эми бирден берсем, аны оңой эле сындырып койдунар. Эгер силер бири-биринерди урматтап, сыйлап чогуу жүрсөнөр, эч качан кордукка учурабайсыңар. Ал эми биримдик, ынтымак болбосо жалгыз чыбыкты сындыргандай эле күчсүз, алсыз болуп каласынар», - деп айтат. Ошондон кийин балдары атасынын акылдуулугуна, көрсөтмөлүү кылып айткандыгына ыраазы болушуп, ынтымактуу жашап калышкан экен [3, 4].

Жомокту айткан биздин бабалардын философиясы, педагогикасы да жөнөкөй. Бирок, карап көрөлүчү таасирдүү, кандай ийкемдүү.

Ошентип тарыхка көз чаптырып көрсөк, көз карандысыз болуп, өз алдынча мамлекет болуу мүмкүнчүлүгү кээде миңдеген жылдарда бир келет экен. Карт тарыхтын фактысы бул чындык. Ошол себептен бүгүн баарыбыз тең бир туунун, бир идеянын түбүнө баш кошуп, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ажырагыс ынтымакта болушубуз керек.

Бөлүнсөн бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет - деп тынчсызданышып, биздин бабалар алдын ала эскертип келишкен. Анткени элде ынтымак болбосо «миң да өлсө кырылат, пил да болсо жыгылат», элдин баатырдыгы да, бай экендиги да, көп экендиги да туруштук бере албай калышы мүмкүн. Демек, улуттук бийиктикти жаратуу бир гана ынтымактуу элдин колунан келет.

**Адабияттар:**


1. Какеев А.Ч. Баш сөз. Бекембай Апыш «Тарбия назарияты». - Ош, 1996 китебинде жазылган 3-бет.
2. Максутов Т. Мырсабеков А. «Улуттук педагогиканын негиздери». - Ош, 1996. 3-бет.
3. Нурунбетов Б., Мурзакматов А., Апышев Б., «Бабалардын осуятынан – мамлекеттик идеологияга». Ош -1997 5-бет.
4. Ушинский К.Д. «Педагогикалык чыгармачылык». Том 2. М - Ленинград., 1947, 555-бет.
5. Нажимидинова А.Э., Усанова Н.А., Айткулова З.С. Воспитательные функции кыргызского детского фольклора и этнопедагогические компетенции, приобретаемые учащими-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ся через него. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. - С. 227-230.